Дидактика
№3 (17) октябрь, 2022-жыл
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ЧЕМПИОН!



## “Университет-ОшМУ” кыздар командасы



Жалал-Абад шаарында Самаган Жапарбаевдин элесине арналган кыз-келиндер арасында волейбол боюнча облустар аралык мелдеш уюштурулду. 8 команда таймашып, соңунда Ош шаарынын атынан катышкан «ОшМУ» командасы 1-орунду ээледи. Уюштуруучулардын атынан 30 миң сом акчалай сыйлык, кубок, диплом менен сыйланды.

“Аталган мелдеште 2-орунду Баткен областынын, 3-орунду Жалал-Абад областынын курама командалары ээледи. “ОшМУ” командасынын оюнчусу, Дене тарбия факультетинин студенти Маматжан кызы Адина “Эң мыкты чабуулчу” номинациясына ээ болду”, -деди команданын тренери Нурзат Исмаилова.

## Дүйнө чемпиону



Казакстандын борбор калаасы Астана шаарында бел боо күрөшү боюнча жаштар арасында өткөн дүйнөлүк чемпионатта ОшМУнун МИТ факультетинин студенти Баяман Абидинов дүйнө чемпиону болду.

Баяман Абидинов 57 кг. салмакта күрөштү. Финалда казакстандык балбан менен күрөшүп, жеңишке жетти. Буга чейин Түркиянын Изник шаарында өткөн IV Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында татар күрөшү боюнча күч сынашып, коло байге тагынган.

Жаштар арасында өткөн бел боо күрөшү боюнча дүйнө чемпионатына 15 өлкөдөн спортчулар катышты.


## Кызматташууга чакырабыз!

### Урматтуу окурман!

Эгерде сизде окутуунун жаңы инновациялык усулдары, ата-энелер менен иштөө ыкмалары, кесиптештердин ийгилик сырлары, жана башка ушул сыяктуу кызыктуу темалар боюнча макалаңыз бар болсо, биз менен байланышыңыз.

**Сиз менен кызматташууга ар дайым даярбыз.**

**Whatsapp: 0502 345 666**
**Электрондук почта: didaktika2022@gmail.com**
**"Дидактика" гезитинин редакциясы**



## “ОшМУ окутуучу” тиркемеси менен таанышабыз



4-5-беттерде

## Жаш жеткинчектер өз өмүрүнө эмне үчүн кол салат?




6-бетте

## Окумуштуулар “Этика” боюнча бийликке кайрылды

7-бетте

## Эне тилибизди сактоо өзүбүздөн көз каранды



8-бетте

# ОшМУ Евразиялык рейтингде ТОП-3 кө кирди

«IAAR Eurasian University Rankings-2022» эл аралык Евразия мейкиндигиндеги эң мыкты университеттердин рейтингинин жыйынтыгы боюнча Ош мамлекеттик университети 3-орунду камсыздады. 1-орунду Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, 2-орунду Россиянын Финансы университети ээледи.

"IAAR Eurasian University Ranking (IAAR EUR)" Евразиялык билим берүү мейкиндиктери үчүн сапат белгиси болуп саналат.

Сыйлык 7-8-октябрь күндөрү Казакстандын Алматы шаарында Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча VI Борбор Азия эл аралык форумунун алкагында тапшырылды.

Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайлардын көз карандысыз рейтинги жогорку окуу жайлар ортосунда билим берүү, илим изилдөөдө сапатты камсыз кылууда жана академиялык коомчулуктун, студенттердин, жумуш берүүчүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүк деңгээлин жана алардын кадыр-баркын айкын көрсөтүп, билим берүү чөйрөсүн калыптандырып келет.

"IAAR Eurasian University Ranking - 2022" эл аралык рейтингине Казакстан, Нидерландия, Индия, Түркия, Латвия, Азербайджан, Молдова, Армения, Грузия, Кыргызстан, Өзбекстан жана башка бир топ мамлекеттердин алдыңкы университеттери катышып жатат.




# Батыш студенттерине ОшМУ сертификат тапшырды

ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков Чехия мамлекетинин Батыш Чех университетинен келип, ОшМУдан билим алган студенттер менен жолугушту. Ал ОшМУда окуусун ийгиликтүү аяктаган 12 студентке ОшМУнун сертификаттарын тапшырды.

Студенттер Кыргызстандын маданияты, билим берүүсү менен таанышып, ОшМУда билим алып жаткан жаштар менен пикир алышып, достошуп, Ош шаарынын тарыхый, кооз жайларында болуп, көп маалыматка ээ болушкандыктарын, мындан ары да эки университеттин кызматташтыгынын артуусуна салым кошорун белгилешти.

«18-сентябрь күнү биз Ош шаарына биринчи жолу келдик. Келгенден тартып эле ОшМУдан билимибизди улантып баштадык. Менин Кыргызстандагы билим алууга болгон сапарым жемиштүү болду, анткени окуу жайдагы студент достор жана окутуучулар бизди жылуу тосуп алышты. Мугалимдердин сабак өткөнү, меймандостугу биздин эсибизде калды. Негизи эле кыргызстандыктар аябай меймандос эл экен», - деди Батыш Чех университетинин студенти Роман Порядин.

ОшМУ Батыш Чех университети менен 2018-жылдан бери академиялык мобилдүүлүк алкагында кызматташып келет.

# Дүйнөнүн 4 жолку чемпиону Каныбек Осмоналиев ОшМУда



Москва шаарында өткөн XXII Жайкы Олимпиада Оюндарынын чемпиону жана оор атлетика боюнча дүйнөнүн 4 жолку чемпиону болгон туңгуч кыргыз спортчусу, коомдук ишмер Каныбек Осмоналиев жана спорт боюнча бир нече китептердин автору, журналист, публицист Кабыл Макешов ОшМУга келишти.

Коноктордy алгач ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков кабыл алып, университетте спорт багытындагы аткарылып жаткан алгылыктуу иштер, студенттердин жетишкендиктери боюнча пикир алмашты. Каныбек Осмоналиев өз калемине таандык эки китебин белекке берди. Ошондой эле, автордук китептерин окуу жайдын китепканасына тапшырды.

Андан соң коноктор Индустриалдык-педагогикалык колледжинде студенттер менен жолукту. Спорттогу ийгиликтери, тажрыйбасы менен бөлүшүп, суроолорго жооп берди.

# ОшМУда Индиянын Дивали майрамы белгиленди

Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсалов ОшМУда билим алып жаткан индиялык студенттерди улуттук Дивали майрамы менен куттуктады.

Майрамдык иш-чара 25-октябрда ОшМУнун эл аралык медицина факультетинде өттү. Фестивалга Ош шаарынын вице-мэри Марс Исаев, ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков баштаган профессордук-окутуучулук курам жана студенттер катышты.

Эдил Байсалов куттуктоо сөзүндө Кыргызстанда Индиядан келген миңдеген студенттер билим алып жатканын айтты. Андан сырткары, индиялыктар Дивали майрамында жакшылыктын жамандыкты, жарыктын караңгыны жеңген күнү катары белгилей тургандыгын, бул майрамда Кыргызстандын жогорку окуу жайларын тандаган индиялык жаштар менен жакындан таанышууга, достошууга мүмкүнчүлүк жараларын кошумчалады.

Иш-чаранын кийинки бөлүгү Индиянын жарык фестивалына арналган концерттик программа менен коштолду. Анда студенттер өз өлкөсүн даңазалаган ыр-бийлерди аткаруу менен кыргыз элинин улуттук бийлерин бийлешип, патриоттук сезимдерди козгогон ырларын ырдашты. Индиянын улуттук кийимдерин кийген улан-кыздар фестивалга өзгөчө көрк тартуулашты.

Дивали-Индия элинин эң чоң улуттук майрамдарынын бири. Майрам 5 күн катары менен белгиленет, үчүнчү күн эң маанилүү деп эсептелинет, ушул убакта Жарык фестивалы өтөт.

# ОшМУнун волейболчу кыз-келиндери чемпион

Кыргыз волейбол федерациясынын президентинин кубогунда «ОшМУ-Университет» кыз-келиндер волейбол командасы чемпион болду. Алар финалда «Дордой» командасы менен беттешип, 3:1 эсебинде жеңишке жетти. Жыйынтыгында команданын оюнчуларына «Спорттун чебери» наамы, кубок, медаль жана акчалай сыйлыктар берилди.

Ошондой эле команданын оюнчулары Адина Маматжан кызы «Мыкты оюнчу», Зульфия Абдыкаарова «Мыкты чабуулчу», Алтынай Алимбекова «Мыкты коргоочу» жана Аида Алижан кызы «Мыкты чабуулчу» деп табылды.

Оюн Бишкек шаарында өттү. Ага өлкө боюнча 16 эркектер командасы жана 5 кыз-келиндер командасы катышты.

Буга чейин «ОшМУ-Университет» кыз-келиндер волейбол командасы Кыргызстандын XIV ачык чемпионатында жеңүүчү болгон.



«ОшМУ-Университет» кыз-келиндер волейбол клубу 2020-жылы түзүлгөн. Өлкөнүн түштүгүндөгү жалгыз волейбол клубу болуп саналат. Командада окутуучулардан жана студенттерден тандалып алынган 16 спортчу бар.

# Студенттик стартап долбоор ишке кирищти



ОшМУнун башкы имаратында заманбап бий өнөрүн үйрөткөн “MD STUDIO” бий залы ачылды. Ачылыш аземине окуу жайдын студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова, окуу жайдын Жаштар бизнес паркынын жетекчиси Эрлан Камалов, студенттер катышты.

Жаштарды сергек жашоого үндөгөн заманбап бий студиясы ОшМУнун финансы-юридикалык колледжинин 3-курсунун студенти, 17 жаштагы Шоятбек кызы Майрамдын студенттик стартап долбоору.

Майрам Жаштар бизнес паркынын 3-агымында тренингден өтүп, аталган бизнес долбоорун сунуштаган. Ал Бишкек, Ош шаарларынан сырткары Казакстан жана Түркиядан заманбап бий өнөрү боюнча билим алган. Аталган бизнес идеясы үчүн грант да утуп алган. Учурдагы бий залын ОшМУ акысыз колдонууга берди, эми бул залда 6 жаштан жогору улан-кыздардан тартып, бала менен үйдө олтурган энелер да катыша алат.

Шоятбек кызы Жылдыз студия тууралуу мындай дейт: “Биздин студия заманбап бийдин 8 түрүн үйрөтөбүз. Башка бий залдарынан өзгөчөлүгү бул жерде энелер үчүн да шарт түзүлөт. Анткени бөбөктөр үчүн атайын бурч орун алып, энелер бий үйрөнүп жатканда бөбөктөрүн карап турган атайын жардамчылар да болот. ОшМУнун окутуучулары, студенттеринен сырткары шаар тургундары да келип катышса болот”.

“Өткөн окуу жылын жыйынтыктап жатып биз студенттерден анкета алганбыз. Анда "сабактан тышкаркы убакытты кандай өткөрүп жатасыңар, окуу жай тарабынан дагы кандай шарттар түзүлүшүн каалайсыңар" деген сурообузга студенттер ушундай студиялар болушун каалай тургандыгын билдиришкен эле, бүгүн ушул сунуш менен да Майрамдын долбоору айкалышып турат”, - деди долбоордун ментору Жылдыз Артыкова.

Жаштар бизнес паркы ОшМУдагы студенттерге, окутуучуларга стартаптарды иштеп чыгуу, аны жүзөгө ашырууга чейин окутуп, багыт берет. Ошондой эле мыкты бизнес идеяларды ишке ашыруу үчүн каражат табууга көмөктөшөт.

**Булак: ОшМУнун маалымат кызматы**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# Мугалимдик – ардактуу кесип ээлерин куттуктайм!



**Кадырман улуу устаттар, эжеке-агайлар, Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы! Сиздерди мугалимдер күнү менен чын дилимден куттуктайм!**

Мугалим деген сөз ОшМУ үчүн ыйык, улуу, символикалуу сөз. Анткени окуу жайыбыз мындан 83 жыл мурун-1939-жылы Мугалимдер институту болуп түзүлүп, 1951-жылы Ош педагогикалык институту болуп өзгөргөн. Мугалимдерди даярдаган өлкөдөгү эң ири окуу жай катары жарым кылымдан ашык кызмат кылды. Өлкөбүз эгемендүүлүк алгандан кийин университет аталып, андан кийинки 30 жыл аралыгында да чыгаан билим берүү ишмерлерин, чебер педагогдорду окутуп, тарбиялады. Жүз миңдеген адистерди даярдап, өлкөнүн тарыхий, маданий, экономикалык, социалдык турмушуна эбегейсиз зор салымын кошуп келе жатат.

Мыкты адис тарбиялоодо заманбап техникалык база, эң алдыңкы окуу-тажрыйба борборлору, инфраструктура гана жетиштүү ролду аткара албайт, ал үчүн биринчи кезекте кесипкөй, өз ишин мыкты билген мугалим керек. Биз илимдин баба дыйкандары: профессорлор, доценттер, улук окутуучу, окутуучулар менен мактанабыз. Окуу жайдын сапаттык көрсөткүчүн мугалимдер аныктап, илимпоз устаттар түзөт. Кадырлуу эжеке-агайлар, сиздер окуу жайдын ар бир ийгилигинин себепчиси болуп келесиздер. Студенттер окуу жайдын жаркыраган имаратын, жашыл короолорун, кабинеттеги компьютер, приборлорду эмес, мугалимдердин берилип окуган лекцияларын, лабораториялык, семинардык сабактарын, өндүрүштүк, падегогикалык, талаа практикаларында чогуу жүргөн күндөрүн, айткан акыл-насааттарын өмүр бою сыймыктана эстеп жүрүшөт.

Университеттин мугалимдери жаштарга билим берүү менен катар, ээ болгон илимин турмушка ашырып, өндүрүшкө багыттайт. Ошону менен бирге студенттерди чоң турмушка даярдайт. Биздин окутуучулар жаңыланууга, жаратмандыкка умтулган кесипкөйлөр. Сиздер менен баарыбыз сыймыктанабыз. Сиздердин араңыздарда студенттерге сабак берип, ишмердүүлүгүн мугалимдиктен баштаган инсан катары мен да сыймыктанам.

Мугалимдик кесип - күн сайын сыноолордо туруунун кесиби. Биз студенттердин, ата-энелердин, коомчулуктун алдында чоң сыноолорго туруштук берип, окуу жайды эл аралык деңгээлдеги заманбап өндүрүштүк университетке айлантып баратабыз. Биздин окуу жайдын дагы бир өзгөчөлүгү - студенттер менен бирге окуучуларга да билим берген типтүү университет экендигинде. ОшМУнун карамагында "Билим", "Ыйман", "Зирек" аттуу мектеп-лицейлер, аймактарда мектеп-гимназиялар бар. Учурдан пайдаланып, окуучуларга билим берген тарбиячы-мугалимдерди да куттуктайм!

**Кадырман устаттар,** эже-агайлар! Пайгамбар кесиби менен ширелишкен сыймыктуу өмүрүңүздөр ар дайым берекелүү, маңыздуу болсун! Жашооңуздар жаркын, маанайыңыздар ачык болсун! Майрамыңыздар менен!

**Сиздерди терең урматтап ОшМУнун ректору, профессор К.Г.Кожобеков**

# Исхак Раззаков улуттун улуу инсаны

ОшМУда Кыргыз Республикасынын Баатыры, чыгаан мамлекеттик ишмер Исхак Раззаковдун туулган күнүнө арналган иш-чара өттү.

Иш-чара студенттер тарабынан даярдалган композициялык көрүнүш менен башталды. Анда Исхак Раззаковду даңктаган ырлар, анын кыргыз эли үчүн жасаган иш-аракеттери камтылган монологдор камтылды. Ошондой эле, мамлекеттик жана коомдук ишмер И.Раззаковдун кыргыз элинин көркөм мурастарына кошкон салымы, И.Раззаковдун "Манас" элдик эпосуна кошкон салымы боюнча баяндамалар жасалды.

Иш-чарага Кыргызстан калк Ассамблеясынын Ош бөлүмүнүн төрагасы Балтагул Нурунбетов, ОшМУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору Мастура Шарипова, Чыгыш таануу жана тарых факультетинин профессордук-окутуучулук жамааты, студенттер катышты.



# Өзбекстан ЖОЖдору менен кызматташуу кызыды



Фергана политехникалык институтунун илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо бөлүмүнүн башчысы Сиражддин Эргашов баштаган делегация окуу жайга келди. Делегациянын курамындагы факультеттердин декандары, структура жетекчилери, ректор Кудайберди Кожобеков баштаган структура жетекчилери менен жолукту.

Мында эки тараптуу кызматташтыкты арттыруу, академиялык мобилдүүлүктү профессордук-окутуучулук курам менен бирге студенттерге дагы күчөтүү, окуу жайлар аралык илимпоздор менен биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, биргелешкен макалаларды чыгаруу жана эл аралык рейтингдерге катышууда өз ара көмөк көрсөтүү маселелери боюнча сүйлөшүлдү.

Жолугушууларда мындан ары эки тараптуу байланышты күчөтүп, эл аралык деңгээлдеги жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодо биргелешип кызматташуу тууралуу кеңири сөз болду.

Буга чейин студенттер мобилдүүлүк программасынын алкагында жайкы мектепке барып, окуп келишкен. 1-ноябрда ОшМУдан 15 студент билим алууга барат.

Ал арада ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин колдонмо математика жана графикалык дизайн кафедрасынын окутуучуларынан турган топ Наманган мамлекеттик университетинде болушту. Делегацияны ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова жетектеп барды.

Иш сапарга колдонмо математика жана информатика адистигине кош дипломдуулук, биргелешкен билим берүү программаларын ачуу жана тажрыйба алмашуу максатында барышкан.

Наманган мамлекеттик университетинде Математика факультетинин деканы Рустам Нарзуллаев, академик Музаффар Рахматуллаев баштаган жамаат менен жолугуп, алдыдагы кызматташтыктар боюнча пикир алышты.

"Биздин сунуштарыбызды колдой тургандыгын билдирген жамаат байланышты күчөтүүгө, биздин окуу жай менен иштешүүгө кызыкдар экенин билдиришти. Мындан ары илимий иштерде кызматташып, конференцияларды чогуу өткөрүү, аспиранттарга оппонент болуу, QS рейтингде биргелешип иштешүү сунуштарын беришти",- дейт математика жана графикалык дизайн кафедрасынын башчысы Бектур Азимов.

# Евразия улуттук университети менен кош дипломдуулук ишке ашат

Казакстандын Астана шаарындагы Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин жалпы физика жана теориялык физика кафедрасынын доценти, PhD доктор Азиза Алтайбаева ОшМУда болду. Окуу жайдын эл аралык байланыштар департаментинин директору Абдыганы Абдувалиев менен жолугуп, эки тараптуу кызматташуу тууралуу пикир алышты.

ОшМУнун физика-техника факультетинин доценти Марал Осконбаевдин чакыруусу менен келген окумуштуу факультеттин эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасынын жалпы жамааты жана студенттери менен да жолугушту.

Жолугушуулардын соңунда кош дипломдуулук боюнча маалыматтар талкууланып, 2023-2024-окуу жылынан баштап ОшМУда 510400 физика адистигинин конденсацияланган заттардын физикасы багыты боюнча бюджеттик негизинде (стипендияны Казакстан тарап 200$ төлөп, жатакана менен камсыздайт) кабыл алып, 1-курсту ОшМУдан, ал эми 2-курсту Евразия улуттук университетинен окуп келүүсү боюнча сүйлөшүүлөр жүрдү.

Эки окуу жайдын ортосундагы биргелешкен окуу планын түзүү багытындагы иш-чаралардын аткарылышы талкууланды. Ошондой эле бакалавр багытындагы физика адистигиндеги студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн ишке ашыруу маселелери боюнча сүйлөшүлдү.

# ОшМУ Улуу Британиянын билим мекемеси менен кызматташат

ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков Улуу Британиядагы "Anglia examination" билим берүү мекемесинин Кыргызстандагы долбоорунун жетекчиси Тилек Үркүнчиев менен кызматташуу жөнүндө меморандумга кол койду. Саамалыкка Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин деканы Рахат Сагындыкова, Эл аралык билим берүү программалары колледжинин директору Аида Зулпукарова жана окутуучулар катышты. Онлайн байланыш аркылуу Улуу Британиядан мекеменин өкүлдөрү Айла Даколлари, Артур Банаев күбө болушту.

Бул долдоордун алкагында учурда ОшМУдан 100 студент тесттен өтүп, билим алууну баштады. Алар "Anglia examination" усулун колдонуп, бир жыл аралыгында билим алат.

2023-жылдын 9-14-январь күндөрү ОшМУнун Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинен эки окутуучу, Эл аралык билим берүү программалары колледжинен бир окутуучу Улуу Британиядан билимин жогорулатып келишет.

"Anglia examination" мекемеси Борбор Азияда өзүнүн өкүлчүлүгүн ачып жатат. Максаты TOEFL, IELTSke окшош эл аралык сертификатты Кыргызстанга киргизүү болуп саналат. Бул пилоттук долбоорго Кыргызстандагы 4 мектеп, 3 ЖОЖ кирген.

# Медфактын студенттери Түркияда тажрыйба топтоодо

Түркиянын Сивас Жумхурийет университетинде 2022-2023-окуу жылынын күзгү семестринде ОшМУнун 13 студенти билим алууда. Алардын бешөө медициналык факультеттин студенттери.

Медициналык факультеттин студенттери окуудан сырткары Түркиянын ооруканаларында болуп, бейтаптарды кабыл алууну өздөштүрүү менен түрдүү хирургиялык-операциялык процесстерге да катышууда.


Мындан сырткары операциядан кийинки мезгилде бейтаптарды кароо, алардын ден соолугун калыбына келтирүү жараяндарына да көмөктөшүп, тажрыйба топтоп жатышат.

**Булак: ОшМУнун маалымат кызматы**

# “ОшМУ окутуучу” тиркемеси менен таанышабыз


Ош мамлекеттик университетинде административдик жана окуу-тарбия иштерин санариптештирүү заман талабына ылайык өнүгүүдө. Жаңы окуу жылынан тарта “ОшМУ студент” жана “ОшМУ окутуучу” тиркемелери иш жараяны киргенин кабарлаганбыз. Төмөндө “ОшМУ окутуучу” тиркемесин иштетүү нускамасын сунуштайбыз.


Эскерте кетсек, электрондук тиркемелер ОшМУнун "IT-Академия" жогорку технология паркынын бөлүм башчысы Айтибек Абдирасулов тарабынан иштелип чыгып, өндүрүшкө киргизилүүдө.
















## Окутуучу окуу жүктөмүн аткаруу үчүн









Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

## Мобилдик тиркеме жок болгон учурда портал дан журнал толтурууга болот








## Сабактардын жүрүшүн шаардын картасы аркылуу көрүү





# ОИД жана ДЕКАНАТ


## Сабактардын жүрүшүн диаграмма аркылуу көрүү





## Сабактардын жүрүшүн жадыбал аркылуу көрүү




## Студенттерди баалоо





## Өтүлгөн сабактардын журналын көрүү




## Окуу жүктөмү менюсунан силлабус кийирүү зарыл





## Деканат тарабынан Аудиторияларга QR code чыгаруу үчүн





## Сабактардын жүрүшүн дисциплина жана окутуучу аркылуу көрүү







## Студенттерди баалоо



# Суицидге каршы кандай чара кылабыз?

Акыркы мезгилде он гүлүнүн бири ачыла элек жаш өспүрүмдөр арасында өз өмүрүнө кол салуу фактысы азайбай жатат. Үрөй учурган окуя катталган учурда гана өрт өчүрүүчү кызматтай күйпөлөктөп, ызы-чуу түшүп калабыз. А бирок, чын-чынына келгенде бул илдет менен тынымсыз күрөшүү мезгилдин курч талабы болуп турат.

Статистикага караганда, мектеп окуучулары арасындагы суицид дарты 2009-жылы эң көп катталган. 8 айдын ичинде эле 112 окуучу өз жанын кыйып, бул факт коомчулукту катуу дүрбөлөңгө салган.

"Жаш жеткинчектер өз өмүрүнө эмне үчүн кол салат? Мындай трагедиялуу абалдан чыгуунун кандай жолдору бар?" деген суроолор менен "Коом агартуу" кыймылынын айрым мүчөлөрүнө кайрылдык.





**"Дидактика" гезитинин редактору Тургунбай Алдакулов:**

- Жаштар арасында суициддин пайда болушуна төмөнкү 3 жагдай түрткү болуп жатат деп эсептейм: Биринчиден, миграция маселеси. Өз ата-энелеринен алыста жүргөн өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумуна жакшы көңүл бурулбай, алардын көйгөйүн, жан дүйнөсүн түшүнө албай атабыз. Экинчиден, интернет оюндары. Түрдүү жаңы чыккан интернет оюндарын иргеп, таразалап, жакшы-жаманын айырмалай албагандыктан, медиа сабаттуулугунун начардыгынан улам өмүрдүн баалуулугун жоготуп коюп атышат. Ал эми үчүнчүдөн, ата-энелердин балдары менен жакындан сүйлөшө албай калуусу. Бүгүнкү күндө айрым ата-энелер балдардын ички жан дүйнө оорусун, көйгөйүн билбей, балдары менен аңгеме кура албай калышты. Ата-энелер балдардын жашап жаткан виртуалдык дүйнөсүнөн артта калгандыктан, ортодогу ажырым ого бетер алыстап баратат. Андыктан балдарга түз жолду көрсөтүү үчүн ата-энелер да балдарынан кем калбай билимин жаңылап, өзүнүн үстүнөн иштеши керек.



**Б.Сыдыков атындагы КӨЭАУнун доценти, "Дем-Кербен" тренинг борборунун жетекчиси Өсконбай Дилишатов:**

- Ооруну убагында дарылоого караганда анын алдын алган пайдалуу болгон сыяктуу эле бул маселени да алдын алып, коомго алып чыгып, жалпы коомчулук биргеликте күрөшсөк натыйжалуу болот. Мигранттардын баарын балдарынын жанына алып келүү колубуздан келбегени менен аларга технологиянын өнүгүп жаткан учурунда түрдүү социалдык тармактар аркылуу, онлайн иш-чаралар аркылуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, бул оорунун алдын алууга болот. Бул багытта биздин тренинг борборубузда инсандык өнүгүү багытында ондогон долбоорлорубуз бар. Жаштарыбыздын келечеги үчүн чогуу кызматташууга ар дайым даярбыз.



**ОшТУнун окутуучусу, Онлайн университетинин Оштогу координатору Надилбек кызы Бегимай:**

- Жыл сайын 10-сентябрь бүткүл дүйнөлүк эл аралык СУИЦИДге каршы күрөшүү күнү деп жарыяланып келет. Бирок, ага карабастан суициддин саны көбөйүүдө. Көпчүлүк өспүрүмдөр түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жаткан учурда, ата-энеси жаман көргөнүнөн, алардан жакшы сөз укпаганынан, ата-энеси орой мамиле жасагандан өз жанын кыюу аракетине барарын айтышкан.

Туура, көпчүлүк ата-энелер турмуш шартка байланыштуу чет жактарга иштеп кетүүгө аргасыз болуп жатышат. Бул учурда балдарды материалдык жактан камсыздаганыбыз менен моралдык жактан камсыздай албай калат турбайбызбы. Муну убакыт көрсөттү.

Бирок, бул дегени тарбияны алыста туруп бере албайсың деген сөз эмес. Технологиянын күндөн-күнгө өнүгүүсү менен көптөгөн жакшы иштерди онлайн аркылуу деле жасаса болот. Ошол сыяктуу ата-эне да баласына бир гана акча салган учурда, же бир зарыл болгон учурда эле байланышпастан, телефон аркылуу деле көзөмөлдөп, сырдашып, баласынын ички сырлары менен бөлүшүп турса болот. Кандай жагдай болсо да чын ыкласы менен билим-тарбия берем деген ата-эне жолун табат. Болгону, бул жерде ата-эне бир аз аракет кылып, издениш керек.



**Ош шаарындагы № 1 8 мектеп-гимназиянын мугалими Нарматалиев Мирлан:**

- Бул маселеде жоопкерчилик ата-энелерде көбүрөөк экенин баса белгилей кетиш керек. Анткени, үйүнөн чыгып кеткен бала үчүн мектеп же соц.педагогдор күнөөлүү эмес. Себеби бала ата-энеси менен келише албагандыгы үчүн үйүнөн чыгып кетет. Эгерде мугалим менен келише албай калса, анда мектептен чыгып кетмек. Ошондуктан ата-энелер күнөөнү мектептен издебей, жоопкерчиликти өздөрүнө көбүрөөк алса, балдарынын тартибине, тарбиясына көңүл бурса, мектеп менен ата-эне бири-бирин күнөөлөй бербей, психологдор менен, мектеп менен, мугалимдер менен тыгыз иштешсе, бул маселе менен күрөшүү натыйжалуу болмок.



**Ош билим берүү институтунун кызматкери Досмуратов Тынчтыкбек:**

- Мектептерде түрдүү иш-чаралар тынымсыз эле жүргүзүлөт. Түрдүү бир терс көрүнүштөргө каршы күрөшүү күндөрү белгиленет. Бирок, тилекке каршы бул болгону кагаз жүзүндө аткарылган боюнча калып кетет. Ушул иш-чараларды өткөрүүдө билим берүү башкармалыктары масштабдуураак жайылтууну, кагаз түрүндө эмес, реалдуу иш жүргүзүүнү колго алышса.

Андан сырткары, азыркы мектеп окуучулары мечиттерге да көп барат. Андыктан дин кызматкерлери да суициддин диний жактагы зыяндары жөнүндө жаштарга кененирээк түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсө, ар бир иш чара айтылып эле кала бербестен реалдуу иш жүзүндө аткарылып, мектеп, ата-эне, коом биргеликте чын дили менен иштешсе, алдын алуу жакшыраак көрсөткүчкө ээ болмок.

Демек, "Эзелтен чечилбеген улуу талаш,

Канткенде адам уулу адам болот" деп кыргыздын улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов айткандай, учурдагы бул көйгөйдүн чечилиши ар бирибизден көз каранды. Андыктан, коомдогу терс көрүнүш менен өзүн жеке инсан катары тааный алган ар бир жаран, ата-эне, мектеп, мугалим, жалпы коом бири-бирибизди күнөөлөбөй жапырт аракеттенип, чогуу күрөшө турган маселе экендигин белгилейбиз. Анткени, ар бир өспүрүм бул – сиздин балаңыз, менин балам, биздин балабыз, коомдун баласы, мамлекеттин баласы, келечектин баласы. Балдарга алдыдагы жаркын келечекти жалпыбыз чогуу жаратып берели!

## Жыйынтыктап айтканда...

**Демек, жаш өспүрүмдөрдүн өз өмүрүнө кол салуусуна төмөнкү критерийлер себеп болууда:**

* Улуу муундун, коомдун жана мамлекеттик органдардын кайдыгерлиги, балдарга жетишерлик көңүл бурулбай жаткандыгы;
* Мектепте рэкеттик жана түрмө маданиятынын жайылып кеткендиги;
* Бала тарбиялоодогу эскиче мамиле;
* Ата-энеси миграцияда болгон үчүн бала эч кимге арманын айтып кайрыла албашы;
* Мектеп психологдорунун жетишсиздиги;
* Мугалимдердин чылгый материалисттик көз караште болушу. Балдар менен руханий жактан жуурулуша албай туруп, алардын ички дүйнөсүн түшүнүү мүмкүн эмес.

## Айрым сунуштар

* Коомдо жана үй-бүлөдө өкүм сүргөн жалпы депрессивдүү жана агрессивдүү тенденциялар, "биз (биздин мамлекет) эч качан оңолбойбуз", "булар да болбой калды", "жалган дүйнөдөн өлүп эле кутулбасаң" сыяктуу сөздөр баладагы жашоого болгон негативдүү көз караштын калыптанышына алып келет. Бара-бара бала өлүмдү гана туура чечим катары көрө башташы мүмкүн. Ошондуктан тарбия берип жаткан адам Жаратканды табиятка койгон мыйзамдарын жакшы түшүнүшү керек;
* Бир баласын эркелетип, башкасына маани бербей койгондон кырдаал ого бетер оорлошот. Балким, мектепте бир гана билим үчүн эмес, тарбия үчүн да баа берүүнү киргизсе максаттуу болмок;
* Ата балдарына күнүнө эң кеминде 20 мүнөт убактысын бөлүүсү өтө маанилүү. Балдар үчүн эбегейсиз чоң жана чечилгис болуп көрүнгөн көйгөй чоң адамдын жардамы менен тез эле чечилип, улууларга болгон ишенимин менен сүйүүсүн арттырат;
* "Манас" эпосубуздун (Бүбү Марьямдын вариантын эмес) баалуулуктарын билим берүү системасынын бардык тармактарында пайдалануу;
* Суицид боюнча социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү;
* Үй-бүлөлүк көйгөйү бар өспүрүмдөрдү убактылуу жайларга жайгаштырып, үй-бүлө конфликти бышып жетилип баратканда кандай аракеттер жасалышы керектигин үйрөтүү;
* Жаштарга кумир боло алчу адамдар, үлгүлүү үй-бүлөлөр тууралуу фильмдер тартылып, көрсөтүлүшүн жана каармандары менен чыгармачылык кечелерди уюштуруу;
* Окуу жайларда жана аскердик бөлүктөрдө атайын психологиялык кабинеттерди уюштуруу;
* Мектептерде маданий-массалык иш чараларды максаттуу өткөрүү.

**Даярдаган: Кутманай Курванали кызы, редактордун орун басары**

Дидактика

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# «Этика жана биоэтика» кафедрасын түзүү зарыл

**Ош мамлекеттик университетинин окумуштуулары «Этика» предметин окутуунун актуалдуулугу жана өз алдынча кафедра болуп түзүлүүсүнүн зарылчылыгы жөнүндө Билим берүү жана илим министрлигине жана ОшМУнун жетекчилигине кайрылуу жолдошту. Кайрылуунун текстин сунуштайбыз.**

*КРнын Билим берүү жана илим министри, п.и.д., доцент У.Э.Мамбетакуновго,*
*ОшМУнун ректору, профессор К.Г.Кожобековго, ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешине*

## КАЙРЫЛУУ

Коомдогу оор көйгөйлөр резонанс жаратып, бирок чечүү маселеси ачык бойдон калууда. Алар социумда массалык түрдө талкууланып, чечүүнү талап кылган маселелерди блогерлер көтөрүп чыгышып, коомчулук блогерлерге, социалдык тармактарга көбүрөөк кайрылып, алар аркылуу оор көйгөйлөр чечилип жатканы - бүгүнкү күндүн акыйкаты, турмуш чындыгы. Айрыкча, саясатта, саламаттыкты сактоодо, билим берүүдө, коомдук структураларда журналист-блогерлер коомдук көзөмөлдүн милдетин аткарып жатышат. Себеби алардын көтөргөн проблемалары элге жакын, жугумдуу, бюрократиялык убарагерчилиги жок, реалдуу аракеттер.

Мамлекеттик структуралардын көйгөйүн чечеби, маселенин чечилишин же кандай жол менен чечилип жатканына көзөмөл жүргүзө алабы, жүргүзүлгөн иштердин реалдуу натыйжасы кандай? Коомдук чыңалуу күн сайын жаралып, социум мыйзамдуулукту эле талап кылбастан, моралдык талап коюп, адамгерчиликтүү мамилеге муктаждык күчөп жатат. Мыйзамдар иштебеген учурда же адам кызыкчылыгын көздөбөгөн мыйзамдардын учурунда мораль иштеши керек.

Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө билим берүү демократиялык системада, технократиянын жана базар экономикасынын шартында коомдун бардык мүчөлөрүнө жеткиликтүү билим берүү үчүн шарттар түзүлүп келет. Бирок, ошол эле учурда билим берүүнүн сапаты жана билим берүүнүн гуманисттик мүнөзү солгундап бара жатат. Буга мисал катары коомдук, гуманитардык багыттагы сабактардын ролунун төмөндөшү, сааттардын кыскарышын айтсак болот. Бул өз кезегинде жаштардын дүйнөкарашына, адеп-ахлактык маданиятына, баалуулук багыттарын калыптандырууга таасирин тийгизет. Социалдык чөйрөдө болуп жаткан терс көрүнүштөр: кылмыштуулуктун күчөшү, адам укуктарынын жана кадыр-баркынын тебелениши, жаштардын суицидге баруусу, жаш өспүрүмдөргө карата зомбулук, коррупциянын гүлдөшү, моралдык жоопкерчиликти моюнга албоо, адамдык парз, кадыр-барк түшүнүктөрүнүн деградацияга учурашы, коом «чогуу, биргеликте жашоо» нормаларын, механизмдерин жоготуп, өзүмчүлдүктүн күч алышы келечек үчүн кооптонууга алып келет. Адамдын дене боюн дүркүрөткөн зомбулуктардын жасалып жаткандыгы, адам акыл-оюнда адептик сезимдердин өнүкпөй калып жаткандыгы үшүндү алат. Мамлекеттик деңгээлде, керек болсо дүйнөлүк деңгээлде ойлоно турган, келечек жашоо жөнүндө тынчсызданууну кульминациясына жетип калдык. Формалдуулуктан реалдуулукка өтүү талабынын зарылчылыгы жаралды. Кайдыгерлик адам аң-сезимин каптап, тумчуктуруп калды. Бүгүн келечектин камын көрбөсөк, эртең кеч болот деген жан дүйнө чакырыгы күч алды. Коом баарынан мурун моралдык тандоону, нравалык тазалыкты, адамгерчилик сапаттарды, улуттук менталитетке ылайык баалуулуктарды талап кылууда.

Ошондуктан, коомдук зарылчылыктан келип чыккан көйгөйдү чечүүнүн бир жолу катары окуу жайларда «Этика жана биоэтика» кафедрасын түзүп, болочок кесип ээлерин инсан жана кесипкөй адис катары калыптандыруу максатында «Этика жана эстетика», «Кесиптик этика жана деонтология», «Биоэтика» ж.б. дисциплиналарын заманбап талапка ылайык иштеп чыгуу зарыл. Бул багытта илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, ийгиликтүү иштеп келе жаткан кесипкөй адистерди топтоп, тиешелүү деңгээлде иш-аракеттерди уюштурсак, келечек үчүн чоң салымыбызды кошкон болмокпуз.

- Этика илим катарында башка илимдерден айырмасы - саясий идеологияны түптөөчү илим. Эл ишенип ээрчий турган идеяны калыптандыруучу этика бүгүнкү күндө ал функциясын аткара албай, этика боюнча формалдуу документтер, жеткиликсиз жоболор, куру чакырыктар менен чектелип калды.

- Ааламдашуу, санариптешүү-технократия, базар экономикасы шарттарында өлкөнүн Туруктуу өнүгүү концепциясын ишке ашыруу үчүн башкаруу негизги этикалык принциптер менен жетектелиши керектигин дүйнөлүк практика көрсөттү. Эл аралык деңгээлде (БУУ, ЮНЕСКО, БДССУ, ЮСАИД), улуттук деңгээлде (этикалык комитеттер, комиссиялар, биоэтикалык комитеттер) сунушталган этикалык стандарттарды, кодекстерди жетекчиликке алып, локалдык деңгээлдеги окуу жайдын этикалык комитетин негиздөө, этикалык кодекстин жугумдуу, жеткиликтүү механизмдерин атайын адистер тарабынан улуттук менталитеттин өзгөчөлүгүнө жараша иштеп чыгуу жана иш жүзүндө колдонуу зарылчылыгы жаралды. Этикалык стандарттардын жеткиликтүү практикалык мүнөздө болушу жарандык иденттүүлүктү калыптандырат, окуу жайдын өнүгүүсүнүн нравалык аспектилерин камсыздайт.

- Электрондук башкаруунун нравалык-моралдык өнүгүү менен шартталышы, адам кадыр-баркын жана укуктарын коргоону камсыздоо абзел, болбосо көйгөйлөр жаралышы турган нерсе. Ошондуктан, билим берүү системасында талапка ылайык багытты аныктоодо, адистерди тандоодо жетекчинин саясий эрки маанилүү.

- Этика сабагын өтүүдө адистердин кесипкөйлүгү да турган оор маселе, билим берүү тармагында этика сабагын берүүчү адистердин моралдык-нравалык сапаттары, билим-тажрыйбасы, репутациясы, квалификациясынын туура келүүсү олуттуу көйгөй. Бул дисциплина башка кафедралардын жүктөмүндө болсо, «Этика» «өгөйлөнүп», четте калып, кесипкөй тажрыйбалуу адистер болбосо, кызыкчылыктар бурмаланышы турган иш. Тажрыйба көрсөткөндөй, саат жетпеген көрүнгөн адис «убактынча» окутуп, «Этика» дисциплинасынын аброю өтө төмөндөп, максатына жетпей келет.

- Цивилизациялуу дүйнө келечек ээлерин баарынан мурда адам болууга, адамдык сапаттарга тарбиялоого көңүл буруу талабын коюп жатат. Бул талап билим берүүнүн жаңы стандарттарында атайын компетенцияларда көрсөтүлгөн. Демек, стандарт талабына ылайык компетенттүү адисти даярдоодо этиканын мааниси өтө жогору экендигин баса белгилөөгө болот.

«Этика» илими - мамлекеттин идеологиясын түзүүнүн инструменти. Бул боюнча 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын Өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы кабыл алынган. Анда «Биз көп кылымдык тажрыйбага жана каада-салттарыбызга негизденип, материалдык баалуулуктардан жогору болгон руханий баалуулуктарга, адамдык мамилеге, үй-бүлөгө, маданиятыбызга таянып, жаңы миң жылдыктагы кыргызстандыктын идеологиясын түзүүгө жана өз жолубузду басып өтүүгө тийишпиз. Бул адамдын жана жалпы коомдун максаттуу өнүгүүсүнүн негизги максаты болуп калат. Стратегия биринчи кезекте адамды өнүктүрүү, өлкөдөгү ар бир адамдын дараметин ачуу, анын бакубаттыгын камсыз кылуу үчүн реформаларды жүргүзүүгө багытталган» деп белгиленген.

Этиканы окутуу боюнча БУУ 1999-жылы Венгриянын Будапешт шаарында «Илим жана илимий билимдерди колдонуу» боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференция уюштурулуп, күн тартибинде этиканы окутуу маселеси каралган. Анда кабыл алынган декларацияда Этикалык кодекстерди иштеп чыгуу адам укуктары боюнча эл аралык нормативдик актыларга ылайык болушу көрсөтүлгөн. Андан сырткары экологиялык этика маселелери, социалдык жоопкерчиликке байланышкан маселелер байма-бай каралып келет. ЮНЕСКОнун илим жана техниканын, айлана-чөйрөнүн этикасы боюнча иш-чараларында этика предметин окутуунун зарылдыгы жана өз алдынча кафедра катары уюштурулушу каралып, окутуу 3 деңгээлде жүргүзүлүүсү сунушталган.

2020-жылы БУУнун Дохин декларациясын ишке ашыруу боюнча «Акыйкат үчүн билим берүү» программасы, этикалык категориялар, маселелер модуль катарында иштелип чыгып, окутууга сунушталып келет. Бул багытта кабыл алынган документтер, укуктук, ченемдик актылар этика предметин жаңыча иштеп чыгууга жана өз алдынча кафедранын түзүлүүсүнө негиз боло алат.

2021-жылы КРнын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгы чыгып, анын негизинде концепция иштелип чыкты. «Жарандарды руханий-нравалык тарбиялоонун сапатын мындан ары жакшыртуу, элдик каада-салттарды кайра жандандыруу, руханий жактан бай жана адеп-ахлактуу инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында» жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66- жана 71-беренелерине ылайык токтом кылынат:

- 2021-2026-жылдарга Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепция тиркемеге ылайык бекитилсин;

Концепцияда Маданият, билим берүү, илим жана спорт мамлекеттик органдары пунктунда төмөнкүдөй деп жазылган;

- билим берүүнүн окуу стандарттарын кайра карап чыксын жана окуучуларды жана окуу жайларынын студенттерине этика, эстетика жана дене тарбиясы боюнча предметтерди киргизсин.

Цивилизациялуу өлкөлөрдө сапаттуу медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн, адам жашоосуна кийлигишүүгө кайсы чекке чейин боло тургандыгын аныктоо милдети биоэтикалык комитеттер тарабынан жүргүзөт. Мыйзам иштебей, коррупция гүлдөгөн үчүнчү өлкөлөр илимий технологиялардын өнүгүүсүндө сыноо жүргүзүүчү курмандык талааларына айланууда.

Биоэтикалык форум ЮНЕСКО алдында иштеп турат, ал коомдук көзөмөл катары БУУ, ЮНЕСКО, БДССУ (ВОЗ) колдоосунда иш жүргүзөт. 1994-жылы Женевада биоэтиканы окутуу проблемалары боюнча өткөн БДССУ(ВОЗ) дун төртүнчү конференциясында биоэтиканы окутуу тандоо эмес, милдеттүү түрдө болушу керек деген чечим чыгарылган. Адистердин өз ишмердүүлүгүндөгү компетенттүүлүгү дагы маселе жаратат. Окумуштуулар келечекте 200 кесип жоголуп, жаңы 97 кесип пайда болот деп белгилешкен, ошол келечектин кесиптеринин бирине биоэтиктерди киргизишет. Көз карандысыз биоэтикалык комитет – коомдук көзөмөлдүн милдетин аткарат. Биоэтика – биомедицинада, саламаттыкты сактоодо, жашоо боюнча илимдерде келип чыгуучу маселелерде этикалык анализди, консультацияны, жардамды сунуштоочу мультидисциплинардык тармак (укук, философия, социалдык илимдер, жашоо боюнча илимдер, теология, гуманитардык илимдер).

Жогоруда көрсөтүлгөн негиздер этика жана биоэтика предметтерин ЖОЖдорго жана кесиптик орто окуу жайларына киргизүүгө жана өз алдынча кафедранын түзүлүүсүнө негиз болот.

## СУНУШ:

Максатка жетүү үчүн дүйнөлүк билим берүү тенденцияларын эске алып, улуттук менталитетке ылайык,

1. «Этика жана биоэтика» кафедрасын, борборун ачуу;
2. Адамзаттык жана улуттук руханий баалуулуктарга, нарк-насилибизге, маданиятыбызга таянып, кесипке багытталган адистешкен мүнөздөгү программаларды, материалдарды иштеп чыгуу жана окутуу;
3. Кылымдык тажрыйбага, каада-салттарга, адамдык мамилеге, үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык, кесиптик жүрүм-турум стандарттарын - этикалык кодекстерди, жоболорду иштеп чыгуу, ишке ашуусун камсыздоо (көзөмөл, баа берүү, сунуш) – этикалык борбордун ишмердүүлүгү;
4. Илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
5. Этика боюнча адистерди, эксперттерди даярдоо - этикалык борбордун ишмердүүлүгү.

**ОшМУнун медицина факультетинин доценти, ф.и.к. М.К.Сейдалиева,**

**ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин доценти, ф.и.к. Г.Ж.Орунбаева, ОшМУнун доценти, ф.и.к. М.Э.Манашов,**

**ОшМУнун медициналык колледжинин окутуучусу, ф.и.к. Р.О.Юсупова**

**4-октябрь, 2022-жыл**

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
З.Божонов, З.Пусуртегин, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев

**Корректор:**
М.Турсунбекова

**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Зинагүл Нуралиева
Айбарчын Кулушева
Кутманай Маликова
Венера Нурсултан кызы
Аймээрим Гүлжигитова
Айкөл Малоева
Муслима Довурова

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдарга редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жоопкерчилик тартат. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасында басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №1425

# Тили өзгөргөн баланын дили өзгөрөт



Бүгүн биз адамзат ар тараптуу өнүккөн коомдо жашап жатабыз. Ар кандай технологиялык каражаттардын адам баласынын турмушуна кирип келиши менен дүйнөлүк маданияттын үлгүлөрү жашообузга кирип келди. Албетте, мындай абал алакандай кыргыз элине жакшы да, жаман да нерселерди алып келди десек жаңылбайбыз.

Жакшылыгы, дүйнөнүн булуң-бурчуна барып, билим алып, окуп, иштеп, саякаттап келүүгө мүмкүнчүлүктөр бар. Дүйнө эли менен карым-катышты үйдө олтуруп да жасап, баарлашууга шарттар түзүлдү. Бирок, жогорудагы жетишкендиктер менен кошо адамды ойлонтчу маселелер да бир топ десек болот. Биринчиден, чет өлкөгө чыгуу үчүн кеде жаткан муунубуз тил үйрөнүүгө аракет кылып, башка мамлекеттердин тилин үйрөнүүгө басым жасап жатышат. Канча тил билсе, ошончо жакшы, бирок, мындай саамалык өзүбүздүн эне тилибизди унутууга, тазалыгын, байлыгын, көркөмдүүлүгүн сактабоого жол ачты. Куюлуштура сүйлөгөн кыргыздын кеби учурда тамтыгы чыккан кийимдей болуп, өз ордун таппай, бир нече тилдин айкалышуусу менен сүйлөнгөнү өкүнүчтүү.

Экинчиден, социармактардын турмушубузга кирип келиши менен сабатсыз жазгандардын көбөйгөндүгүн эмне дей алабыз. Өз оюн оозеки да, жазуу жүзүндө түшүндүрө албаган жарандарыбыздын саны көбөйдү.

Мектептерде, бала-бакчаларда тил маселесине көңүл бурулбай, ата-энелер балдарын кыргыз мектептерине эмес, орус мектептерине (айылда да) бере баштаты. Анын жыйынтыгында тили өзгөргөн баланын дили да өзгөрүп, балдарыбыз ата-бабаларыбыздын сүйлөгөн кебинин үлгүлөрүнөн кур калып, тарбия, наркыбыз арткы планга жылды. Анткени, кыргыз эли тил аркылуу баланы тарбиялап, тил аркылуу каадабызды, наркыбызды, жөн айтканда жашообузду келечек муунубузга сиңирип келген.

Айта берсе арман көп, качан гана талап болсо, анан гана жыйынтык болот. Андыктан орус мектептеринин, бала бакчаларынын ордуна кыргыз мектептерин, бала бакчаларын ачып, тил үйрөнүү маселесин окуу планына гана кошуп койсо жакшы болмок.

Чет жактан келген жарандарга тил билүү деңгээлин аныктаган сынактарды уюштуруп, качан өз деңгээлинде билсе гана Кыргызстанда жашап, окуп, иштегенге уруксат берүү зарыл.

Тилибизди сактоо өзүбүздөн гана көз каранды. Трибунада туруп алып бир орусча, бир кыргызча сүйлөгөн төбөлдөр да мамлекеттик тилде сүйлөп, мамлекеттик тилде жазса, жалпы элге үлгү болушмак.

**Бактыгүл Байтикова,**
**ОшМУнун доценти,**
**педагогика илимдеринин кандидаты**

## Ата-эне менен баланы жакындатуучу адаттар



### 1. Эртең мененки көнүгүү

Эртең мененки көнүгүүнү чогуу жасоо балаңыз үчүн пайдалуу, ошол эле учурда сиздерге жакындашууга жардам берген адат болуп саналат. Мындай ыкма менен "ден соолукка бала кезден көңүл буруу керек", "келишимдүү болуп жүрүү керек" деген түшүнүктү балаңызга сиңире аласыз. Балаңыз да бул адатты сөзсүз өз үй-бүлөсүнө колдонот.

### 2. "Мен сени жакшы көрөм"

Күнүмдүк турмушта колдонулуучу биз маани бербеген эң эле жөнөкөй нерселер ата-эне менен баланы жакындаштырууда өтө чоң роль ойнойт. Эртең менен кутман таң, жатарда бейпил түн каалоо, кучакташуу, баланы өбүү, анан да "мен сени жакшы көрөм" деген сөздүн баланы канчалык деңгээлде бактылуу кылары айрым ата-энелердин оюна да келбейт. Майдадай сезилген бул нерселерди айныгыс адатына айландырып алган үй-бүлө мүчөлөрү бири-бирине абдан жакын болуп чоңоюшат.

### 3. Чогуу тамактануу

Үй-бүлөнү чогуу, ынтымактуу, бекем кылуучу дагы бир адат- чогуу тамактануу. Ал учурда үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өзүн керектүү, сүйүктүү сезет. Мындай салт үй-бүлөнү биримдикке чакырат. Анткени, баарыбыз столго чогулуп отурганда гана маанилүү нерселер тууралуу сүйлөшүп, талкуулап, келечекке пландарды түзөбүз.

### 4. Кечинде китеп окуу

Үй-бүлө үчүн өзгөчө кызыктуу адаттардын бири-кечинде чогуу китеп окуп, ар ким өз оюн айтып, талкуулоо. Мындай кечки "чогулуш" үй-бүлөнү бириктирип эле тим болбостон, маектешин уга билүүгө, башкалардын оюн сыйлоого тарбиялайт.

### 5. Чогуу жумуш жасоо

Жума сайын үй-бүлө менен чогуу жумуш жасоо-ар тараптуу пайдалуу адат.

Биринчиден-жумуш бат бүтөт, экинчиден-бала эмгекке бышат. Муну менен бала жоопкерчиликтүү, өз алдынча болууга үйрөнөт. Эң негизгиси-бир нерсе менен чогуу алектенүү үй-бүлө мүчөлөрүн бири-бирине жакындаштырат. Андыктан баланы кичине дебей үйдү тазалаганда болобу, короодо иш кылганда болобу, тамак-аш жасаганда болобу, жаныңызга алып алыңыз.

### 6. Үй-бүлөлүк майрамдар

Майрамдарды, үй-бүлө мүчөлөрүнүн туулган күндөрүн белгилөө балдарга кубаныч тартуулоодон тышкары, андагы адамдарды бири-бирине жакындаштырып, мамилени бекемдейт. Туулган күнү болуп жаткан балаңыз жакын адамдарынын колдоосун, сүйүүсүн сезет. Идеяларын жана пландарын иш жүзүнө ашырууга жардам берүүчү адамдар бар экенин билип, аларга болгон сүйүүсү артат. Үй-бүлөлүк майрамдарды көп өткөрсөңүз, келечекте балдарыңыз коомго аралашып кетүүгө жөндөмдүү болот.

### 7. Үй-бүлөлүк эс алуу

Үй-бүлөлүк эс алуулар жакындардын мамилесин бекемдөөгө эң сонун мүмкүнчүлүк түзүп берет. Анткени, ушул учурда күнүмдүк сөздөрдөн сырткары кенен сүйлөшүп, баарлашууга болот. Андыктан мүмкүнчүлүк болсо чет өлкөгө саякатка барып, болбосо маал-маалы менен бир күнду бөлүп, үй-бүлөңүз менен жаратылыш койнуна барып эс алып келүүнү адатка айландырыңыз.

## Калпты аныктай билүү жолдору

Интернетте фейктер же калп маалыматтар жылдан жылга көбөйүүдө. Адистердин билдирүүсүндө, мындай маалыматтардын саны азыркыдай согуш, пандемия, экономикалык жана саясий кризис сыяктуу учурларда өзгөчө көбөйөт.

Алардан 100% сактанууга мүмкүнбү? Жок. Бирок алардын таасирин кыйла азайтса болот.



### Калп маалыматтардын (жаңылыктардын) эң мүнөздүү көрсөткүчтөрү:

* Жаңылыктын бүйүрдү кызыткан, эмоционалдуу аталышы (кликбейт).

* Жаңылыктын өзүндө окуя болгон жер, убакыт көп учурда так көрсөтүлбөйт.

* Маалымат булактары бүдөмүк берилген.

### Жаңылык менен таанышып жатып биринчи кезекте бул нерселерге көңүл бургула:

* Жаңылыкты жарыялаган сайтка байкоо жүргүзгүлө.

* Бул сайт мурда калп жаңылыктарды тараткан менен белгилүү болушу мүмкүн.

* Бул сайт анчалык белгилүү жаңылык сайты болбошу мүмкүн. Ушул эле жаңылыкты башка абройлуу маалымат булактарынан издеп көргүлө. Эгер жаңылыкты бул сайттан башка эч ким жарыялабаса анда шектенүү керек.

* Сайтта анын ээси, редакциялык саясаты, редакциясы, дареги, байланышуу жолдору тууралуу маалыматтар жок болсо, же өтө эле аз болсо, анда бул сайттын жаңылыктарынан шектенүү керек.

* Жаңылыкта көрсөтүлгөн маалымат булактарын издеп көргүлө. Керек болсо ал маалымат булагы менен байланышууга аракет кылгыла.

* Фейк жаңылыкта маалымат булагын так аныктаганга же тапканга мүмкүнчүлүк берилбейт, калпы чыгып калышы мүмкүн да.

* Маалымат булагы так болгон күндө да, ал жаңылыкта айтылган маалыматты бербеген болушу мүмкүн.

* Жаңылыкта колдонулган сүрөттөрдү текшергиле.

* Материалда колдонулган сүрөттүн жаңылыктагы окуяга эч кандай тиешеси жок болушу мүмкүн. Аны үчүн ал сүрөттү Google сүрөттөр же Яндекс сүрөттөр аркылуу издеп көрсөңөр болот.

**Бул эрежелердин бардыгын дайыма колдонуу мүмкүн эмес. Бирок өтө маанилүү жаңылыктарды ушул талдоодон өткөрү туруу зарыл.**

Негизи, ишенимдүү беш-алты маалымат булагын тандап алып, ошолордун жаңылыктары менен гана таанышып туруу көп учурда жетиштүү болот.